**«Бекитемин»**

С. Нааматов атындагы НМУнун

окумуштуулар кеңешинин төрагасы

НМУнун ректору

_______________Байбагышов Э. М.

«28» апрель_______________2021-жыл.

# С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жатаканасы жөнүндө

# ЖОБО

Нарын мамлекеттик университетинин жатаканалар жөнүндө Жобосу

*(жобо 2021-жылдын _27-апрелинде_НМУнун Окумуштуулар кеңешинин №_20/4.13__жыйынында бекитилген)*

**I. Жалпы жобо**

1.1. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары-НМУ) студенттик жатаканасы социалдык объект болуп саналат;

1.2. Студенттик жатаканага алыскы райондордон келген жана жатаканага муктаж НМУнун күндүзгү бөлүмүндө билим алып жаткан студенттер бир жылдык келишимдин негизинде жашай алышат;

1.3. Жашоочуларга университет социалдык жактан керектүү шарттарды (эс алуу бөлмөсү, душ, ж.б.у.с.) түзүп берет жана инвертарлар менен камсыз кылат;

1.4. Жатаканадагы электр жарыгы, суу, жылуулук системаларынын өз убагында берилип турусу жана үзгүлтүксүз иштөөсү университет тарабынан камсыздалат;

1.5. Шаардагы коммуналдык тейлөөлөргө болгон баа жогорулаган учурларда жатакананын келишимдик акысы да жогорулайт;

1.6. НМУнун жатаканасы, мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректорлуктун структуралык курамына кирет;

1.7. НМУ жатаканасынын коменданты мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректор тарабынан сунушталып, ректор дайындайт жана жобого ылайык иш алып барат.

**II. Студенттерди жатаканага жайгаштыруу**

2.1. Студенттерди жатаканага жайгаштыруу окуу жылынын башталышында 25-августтан 25-сентябрга чейин жүргүзүлөт;

2.2. Социалдык муктаждыгы бар студенттер, жатаканага жайгаштыруу боюнча комиссиянын чечими менен окуу жылынын ичинде жатаканага жайгаштырылышы мүмкүн;

2.3. Жатаканага алгач алыскы райондордон келген 1-2-3- курстун студенттери жайгаштырылат, эгер бош орундар болсо жогорку курстарга да берилет;

2.4. Студенттерди жайгаштыруу жана бөлмөлөрдү бөлүштүрүү комендант тарабынан жүргүзүлөт;

2.5. Студент жатаканага жайгашуу үчүн төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- НМУнун ректорунун наамына арыз жазууга;
- Медициналык кароодон өтүүгө;
- Мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректору менен макулдашууга.
- Жатакана акысын НМУнун кассасына толук төлөөгө;
- НМУнун жатакана боюнча комендантынан каттоодон өткөн жана жатакана акысын 50% тин төлөгөн күндөн тартып, студент тиешелүү жатаканада жашоо укугуна ээ болот;
- Жатакананынын комендантынан бөлмө алууга;
- Чет элдик студенттер үчүн жатакана акысы НМУ менен түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүлөт (прейскуранттын негизинде);
- Колледждердин студенттери, НМУ менен колледждердин келишими аркылуу жатаканага жайгаштырылат;

**Студенттик жатаканада жашаган студенттердин милдеттери жана укуктары**

**III. Жатаканада жашаган студенттер төмөнкүлөргө милдеттүү:**

3.1. Жатаканага жашоо үчүн акча каражатын алдын ала төлөөгө жана тиешелүү документтерди так жана толук тапшырууга;

3.2. Жашаган бөлмөлөрүндө тазалыкты сактоого;

3.3. Жатаканадагы ички тартипти, техникалык коопсуздук эрежелерин толук сактоого, электр приборлорун жана башка буюмдарды туура колдонууга;

3.4. Коменданттын жана студенттик кеңештин уюштуруусу менен ишембиликтерге, айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү иштерине активдүү катышууга;

3.5. Сууну жана электр энергиясын ж.б. керектөөлөрдү үнөмдүү пайдаланууга, электрдик жабдыктар менен иштөөдө техникалык коопсуздук эрежелерин, өрт коопсуздугун сактоого;

3.6. Секцияларды жана бөлмөлөрдү жыйноого, жалпы колдонулуучу бөлмөлөрдө таза колдонууга, жатаканага тийиштүү бардык нерселерге этият мамиле кылууга;

3.7. Күнүмдүк колдонулбаган кийим-кече, баалуу буюмдарды ж.б.у.с. нерселерди үйүнө калтырууга (жоголгон буюмдарга жатакананын төйлөө кызматы жооп бербейт);

3.8. Жатаканада жашаган студенттер убактылуу эс алууга же практикага кете тургандыгын эки кун мурун комендантка билдирүүгө;

3.9. Жатакананын кызматкерлерине жана жашоочуларына сылык мамиле жасоого;

3.10. Окуудан чыгарылган студент окуудан чыгарылгандыгы тууралуу буйрук чыккандан кийин бир жумалык мөөнөттүн ичинде жатаканадагы ордун өткөзүп берүүгө;

3.11. Бөлмө ачкычынын бирөөсүн комендантка тапшырууга;

## IV. Жатаканада жашаган студенттер төмөнкүлөргө укуктуу:

4.1. Жатаканадагы инвентарларды жана жабдууларды колдонууга;

4.2. Студенттин эркиндиктери жана укугу кимдир бирөөлөр тарабынан тебеленсе, комендантка же проректорго даттанууга;

4.3. Жатакананын студенттик кеңеши менен бирдикте кыш мезгилинде бөлмөнү жылуулоо үчүн кам көрүүгө;

4.4. Жатаканада уюштурулган ар кандай маданий-массалык тарбиялык иштерге, конкурстарга, спорттук мелдештерге катышууга;

4.5. Комендант менен макулдашып бөлмөсүн ремонттоого жана коаздоого;

4.6. Жатаканадагы кемчиликтер тууралуу комендантка, проректорго өз оюн ачык билдирүүгө;

4.7. [illegible] бөлмөсүн таза сактап жашаган студенттер коменданттын сунушу менен кийинки окуу жылында жатаканага жашоого;

## V. Жатаканада жашоочуларга уруксат берилбейт

5.1. Өз алдынча бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө жайгашууга жана инвентарь алып барууга;

5.2. Электр өткөргүчүн өз алдынча ондоого же башка орунга которууга;

5.3. Бөлмөлөрдө кошумча электр жылыткычтарды колдонууга;

5.4. Магнитофондун, телерадионун ж.б.у.с үн берүүчү каражаттардын үндөрүн кошуна бөлмөгө угулганга чейин бийиктетүүгө;

5.5. Кечки саат 22:00 дөн баштан музыка коюуга, коридордо басууга;

5.6. Студенттик кенештин, коменданттын уруксатысыз бөлмөлөрдүн бооруна ар кандай нерселерди чаптоого;

5.8. Ректораттын уруксаты жок, студенттик жатаканага чоочун адамдарды, башка уюмдун өкүлдөрүн жайгаштырууга;

5.9. Студенттик жатакана кечки саат 21:00 жабылат жана кечиккен студенттер жатаканага киргизилбейт.

**Өзгөчө уруксат берилбейт**

5.10. Спирт ичимдиктерин ичүүгө, сактоого, сатууга, жана мас абалында жатаканага кирүүгө;

5.11. Жатаканага чоочун адамды алып келүүгө, түнөтүүгө;

5.12. Жарылуучу, наркотикалык, ж.б.у.с тыюу салынган заттарды сактоого жана пайдаланууга:

5.13. Ашыкча электр энергиясын жана ысык-муздак сууларды қолдонууга;

5.14. Жатакананын ичинде насывай, тамеки, кальян ж.б.у.с тыюу салынган заттарды тартууга жана сатууга;

5.15. Себепсиз сабактарды калтырууга;

5.16. Студент мөөнөтүнөн мурда жатаканадан чыгарылса, жатакана төлөмү кайтарылып берилбейт.

5.17. Үй канаттууларын жана жаныбарларын багууга;

5.18. Тыюу салынган ар кандай диний радикализмдерди тутунууга жана жайылтууга;

## VI. Жатакананын студенттик кеңеши

6.1. Жатаканадагы студенттик жеңештин төрагасы (төрайымы) коменданттын сунушу, студенттердин макулдугу менен бир жылдык мөөнөткө жатаканалар боюнча координатор тарабынан дайындалат;

6.2. Студенттик кеңештин төрагасынын сунушу менен ар бир секциянын старосталарын комендант дайындайт;

Студенттик кеңештин милдеттери:

6.3. Студенттерди жатаканага жайгаштырууда комендантка көмөктөшүүгө;

6.4. Жатаканада тарбиялык, маданий-массалык иш чараларды уюштурууга;

6.5. Жатаканадагы санитардык тазалыкты, техникалык коопсуздукту, ички жана сырткы тартипти көзөмөлдөөгө;

6.6. График боюнча ашканаларга жана вахтага студенттердин күзөтүн уюштурууга;

6.7. Жатакананын өздүк буюмдарын көздүн карегиндей сакталышын көзөмөлдөөгө;

6.8. Жатаканада тартип бузган студенттерди тартипке чакырууга:

6.9. Иш чара өткөрүүдөн мурун комендант жана жатаканалар боюнча координатордон уруксат алууга;

6.10. Ар бир бөлмөдө санитардык китепчеси жана жатканадагы студенттердин жеке антисептикалык каражаттарынын болуусун көзөмөлдөөгө;

6.11. Жашоочулардын жатаканадагы милдеттерин, укуктарын түшүндүрүүгө;

6.12. Жатаканада жашаган жалпы студенттерге семестр аягында отчет берөөгө;

**VII. Комендант милдеттүү:**

7.1. Жатакананы жаңы окуу жылына карата толук кандуу даярдоого;

7.2. Студенттерди жатаканага жайгаштырууда мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректору тарабынан кол коюулган арыздын негизинде студенттерди бөлмөгө жайгаштырууга, жатакана акысын толук төлөгөндүгүн, медициналык кароодон өткөндүгүн кылдат текшерүүгө;

7.3. Келишим боюнча жатакананын акы төлөмдөрүн так аткарылышын көзөмөлдөйт жана НМУнун эсеп кысап бөлүмүнө маалымдама берет;

7.4. Ар бир жашоочуга инвентарларды туура бөлүштүрүп берүүгө;

7.5. Студенттик кенештин жана жатакананын персоналдык кызматкерлеринин иш аракеттерин түздөн-түз көзөмөлдөөгө;

7.6. Студенттерге жатаканадагы инвентарларды, техникалык каражаттарды туура пайдалануу жана ички тазалыкты, тартипти, коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча жыйын өткөрүүгө;

7.7. Студенттерге таалим-тарбия берүүгө, туура жол көрсөтүүгө;

7.8. Туура эмес жолдо жүргөн, тартип бузган студенттерди деканатына, мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректоруна, тарбия бөлүмүнө жана ата-энесине өз убагында билдирип турууга;

7.9. Күн сайын күзөтчүнүн билдирүүсүн угууга жана ошого карап иш жүргүзүүгө;

7.10. Жатаканага тиешелүү аймактын тазалыгын камсыздоого жана айлана-чөйрөсүн жашылдандырууга;

7.11. Жатаканада ар түрдүү оюн-зоок кечелерин уюштурууга;

7.12. Студенттер менен өз ара пикир алышып турууга жана студенттерден түшкөн арыздарды канааттандырууга;

7.13. Жатакананын санитардык-гигиеналык абалын көзөмөлдөөгө;

7.14. Жатакананын жылуулук жана электр системаларын, суу түтүктөрүнүн нормалдуу иштеп жаткандыгын такай көзөмөлдөп турууга;

**VIII. Комендант укуктуу:**

8.1. Белгилүү инсандар, адистер менен пайдалуу кеңештерди, жолугушууларды

уюштурууга;

8.2. Жатаканада эмгектенип жаткан кайсы бир кызматкер милдетин так аткарбаса же мыйзамга туура келбеген иш аракеттерди жасаса, ал кызматкерди жумуштан бошотуу боюнча сунуш берүүгө;

8.3. Студент жатаканада ички тартипти бузган учурда эскертүү берүүгө, эгерде дагы кайталанса студенттик кеңештин мүчөлөрү менен кеңешип, жатаканадан чыгаруу боюнча мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректоруна өз сунушун берүүгө;

8.4. Тиешелүү учурларда студенттерди бир бөлмөдөн экинчи бөлмөгө которууга;

8.5. Жатакананын жашоо шартын жакшыртуу максатында ректоратка сунуш берүүгө;

## IX. Күзөтчү (вахтер) милдеттүү:

9.1. Күзөтчү өзүнүн иш убактысынан 15 мүнөт эрте келип, жатакананын ичин бир ирет карап чыгып, андан кийин күзөтчүлүктү өткөзүп алууга;

9.2. Жашоочулардын пропускасын ар дайым текшерип киргизүүгө;

9.3. Жатаканага жат адамдарды киргизбөөгө;

9.4. Эгерде студент тууганын же таанышын жатаканага киргизүүсүн суранса, вахтага документ калтырып, кайсы бөлмөгө кирээрин тактап, каттоо китепчесине жазып, чыгуу убактысын белгилеп, андан кийин уруксат берүүгө;

9.5. Жатакананын эшигин жайкы убакта кечки саат 22:00дөн ал эми кышкы убакта 21:00 дөн кечиктирбей жабууга жана эшик жабылгандан кийин келген студенггердин тизмесин комендантка билдирүүгө;

9.6. Кечки саат 23:30дан баштап кабаттардагы электр жабдыктарынын өчүрүлгөндүгүн, иштешин, суу түтүктөрүнүн толук бекитилгендигин текшерип чыгууга;

9.7. Жатаканага тиешелүү участокторду таза кармоого жана кезеги менен уюштурулган ишембиликке милдеттүү түрдө катышууга;

9.8. Өзүнүн күзөтчүлүгү учурунда болгон окуяларды комендантка билдирүүгө;

**Эскертүү:** 18:00дөн кийин пропускасы жок жат адамды киргизип жиберсе же күзөтчүлүк учурунда мыйзам бузууга жол берсе, студенттик жатакананын комендантына баш ийбөөчүлүк кылса эскертүү берилет, экинчи жолу кайталанса жумуштан четтетилет.

## X. НМУнун жатаканалары боюнча координатору милдеттүү:

10.1. Окуу жылынын башында жатаканада өткөрүлүүчү бир жылдык иш чаралардын иш планын иштей чыгууга, мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректору тарабынан бекиттирүүгө жана коменданттарга, студенттик кеңештин

төрагаларына (төрайымдарына) таркаттууга;

10.2. Жаңы окуу жылы башталаарда жатаканалардын ремонтун жана санитардык-гигиеналык абалын текшерип чыгууга;

10.3. Студенттерди жатаканага жайгаштырууга жана жайгашып жаткан учурда келишимдик акынын толук төлөгөндүгүн, медициналык кароодон өткөндүгүн, кылдат текшерип, андан кийин жашоо үчүн ордер берүүгө;

10.4. Жашоочулар менен пикир алышып турууга жана студентгерден түшкөн каттарды, доо арыздарды канааттандырууга;

10.5. Жатаканалардын санитардык, электрдик-техникалык коопсуздук абалын текшерүү боюнча атайын рейддерди уюштурууга;

Жатакананын материалдык-техникалык каражаттарын, жылуулук, электр системаларын максаттуу жана үнөмдүү пайдаланылуусун көзөмөлдөөгө;

10.6. Жатаканалар арасында конкурстарды, талкууларды, маданий-массалык жана спорттук иш чараларды ырааттуу түрдө мезгил-мезгили менен уюштурууга;

10.7. Жатаканада көйгөйлүү маселелер жаралган учурда мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректоруна кабарлоого;

10.8. Семестрдин аягында студенттик кенештин отчетун алууга;

**XI. НМУнун жатаканалары боюнча координатору укуктуу:**

11.1. Коменданттын сунушу менен жатакананын студенттик кеңешинин төрагасын (төрайымын) дайындоого;

! 1.2. Студенттик кенештин иш-пландарын бекитүүгө жана алардын аткарылышын түздөн-түз көзөмөлдөөгө;

11.3. Жыл жыйынтыгы боюнча жана даталуу майрамдарга карата маданий-массалык, коомдук, спорттук иш чараларга активдүү катышкап студенттерди сыйлоо (ардак грамота, акчалай сыйлык ж.б.) жөнүндө окуу жайдын жетекчилигине сунуштоого;

11.4. Одоно тартин бузган студенттерди жатаканадан чыгарууга;

11.5. Өз ишин так аткарбаган студенттик кенештин төрагасын (төрайымын) алмаштырууга;